ЖҮРҮМ-ТУРУМ АДЕБИ

# АЙДАЙ

## Оюнчуктарды жыйноо кимдин милдети



avrasya Press

УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 37





# АЙДАЙ

## Оюнчуктарды жыйноо кимдин милдети?

Түзгөн: Нуршен Ширин
*(Балдарды жана өспүрүмдөрдү тарбиялоочу атайын адис)*
Сүрөтчү: Неше Инан
Которгон: Канышай Эргашева
Редактор: Гедик Рахат
Корректор: Жыпара Ибраимова
Дизайнер: Насыпбек Асанбаев





Бул китеп төмөнкү түп нусканын негизинде даярдалды:
Nurşen Şirin: Burcu
Timaş yayınları

Алтай /Түз. Н. Ширин; котор. К. Эргашева; Сүрөтчүсү Н. Инан. -Б.: 2103 - 32 б.
ISBN 978-9967-453-81-4

© Avrasya Press

ISBN 978 9967453814
9789967453814- 1

АЛА-БУКА РАЙОНУН
Инв. №

Китеп ээси: ______________________




А4803300100-13
ISBN 978-9967-453-81-4

Кандай сонун китептерим бар...

УДК 821.51-93
ББК 83.8

Айдай - көп нерсеге кызыккан, суроолорду берип, аларга кайра жооп алып, көп нерселерди үйрөнгөн акылдуу кыз. Айдай кыз кызыктуу окуялары менен силердин көңүлүңөрдү ачып, көп нерселериңерди чечүүгө жол көрсөтөт...

«Оюнчуктарды жыйноо кимдин милдети?» деген китепти окугандар өздөрү үчүн эмнелерди ала алышат

- Ар бир ишке жоопкерчиликтүү мамиле кылуу
- Өзүн башкара алууну
- Башка адамдардын сезимдерин байкоону
- Башка адамдар менен болгон мамилесин жөнгө салууну
- Сабырдуу болууну
- Сезимдерин билдирип, көзөмөлдөй билүүнү
- Коомдук жашоонун кандай өтүп жатканын байкоосу
- Кол өнөрчүлүктү
- Кыргыз тилин туура колдоно алууну
- Сөз байлыгын өркүндөтүүнү
- Окуя жана ага түрткү болгон нерселерге ар тараптуу байкоо жүргүзүүнү



ла-Букино...
ДБС Ош школ...
ИНВ. №



Айдай менен Жасмина абдан жакын достордон. Бирок алар алыс жашашкандыктан бири-бирин абдан сагынышчу.

Азыр биз силер менен чогуу Айдай менен Жасминанын аңгемесин окуйбуз.

Бир күнү Айдай бөлмөсүндө тоту кушу менен отурса мурдуна буркураган даамдуу жыт келди. Айдай кубанып:

**-Ммм!.. Апам кулпунай тортун жасап жаткан турбайбы,** - деди.



Дароо апасынын жанына барды. Ойлогон божомолу туура чыккан эле. Айдай:

**-Апаке!.. Мен эң жакшы көргөн тортту жасап жатасыз го,конок келеби?**

- деп сурады.



– Ооба кызым... Кааласаң мага жардам берсең болот, – деди апасы.

– Аябай жардам бергим келет! Ким келет апаке? -деди Айдай шашыла.

Апасы күлүп:

– **сюрприииЗ!**..., – деди.

Аябай билгим келип жатат, апаке, суранам айтчы!...

– Айтпайм, кичине сабыр кыл, кызым.




Айдай аябай толкунданып, дароо апасына жардам бере баштады.

Экөө бири-
биринен өткөн
таттуу торттордy,
токочторду, боорсок
жасашты.




Экөө бири-
биринен өткөн
таттуу торттордү,
токочторду, боорсок
жасашты.





Ашканадагы даярдыктар бүткөндө, Айдай бөлмөсүнө барып, эң жакшы көргөн көйнөгүн кийип, конокторду күтө баштады. «Диң, Даң, Доң...» деген коңгуроо чалынаары менен Айдай дароо жүгүрүп барып, эшикти ачты.



Келгендер Алтай менен чоң атасы эле. Айдай аларды көргөндө:


– Силер беленңер, – деди, томсоруп.

Алтай:

– Эмне бизди көргөнүңө сүйүнбөдүңбү? – деди.

**– Сүйүндүм, бирок конок келет экен деп ошолорду күтүп жаткам,** – деди Айдай.

Аңгыча дагы **«Диң, Даң, Доң...»** деген коңгуроо чалынды.



Айдай эшикти ачаар замат, конокторду көрүп, **«Ааа!»** деп кубанып кетти. Абдан жакшы көргөн досу Жасмина үй-бүлөсү менен келиптир.



Жасмина менен Айдай бири-бирин кучакташып учурашышты. Кубанычын жашыра албай:

– Сени абдан сагындым досум, – деди Айдай.

– Мен да сени аябай сагындым, – деди Жасмина.

– Жүр, менин бөлмөмө баралы, – деп Айдай досун колунан кармады.

Эки дос чуркаган бойдон бөлмөгө киришти. Айдай дароо оюнчук ашкана буюмдарын алып чыгып, бирге «торт» бышырышып, «конок» тосуп ойношту.



Бир аз убакыт өткөндөн кийин Айдайдын апасы аларды ашканага чакырды. Үстөлдүн үстүндө алар үчүн даярдалган тамактар бар эле.

Эки дос кобурашып сүйлөшүп, тамак жана таттуу токочторду жеп бүтөөр менен кайрадан Айдайдын бөлмөсүнө келишти.



Айдай дагы башка оюнчуктарын алып чыкты. Бир канча оюндун түрүн ойношту. Фигуралардан мунараларды жасап, аларды бириктирүүгө аракет кылышты.

Түстүү калемдер менен сүрөт тартышты. Айдай менен Жасмина бирге убакыт өткөргөндүгү үчүн абдан кубанып жатышты



Кеч киргенде Жасминанын апасы келип:

– Жасмина, даярдан кызым, кетели, – деди. Бирок Жасминанын кетейин деген ою жок эле.



- **Дагы бир аз калалычы, апаке,** - деп суранды Жасмина.


- Анда дагы беш мүнөтүңөр бар... андан кийин кетебиз, - деди апасы.



Айдай менен Жасмина оюнун улантышып, убакыттын кандай тез өтүп кеткенин байкабай да калышты. Жасминанын апасы чакырганда оюнду токтотууга туура келди.



Үйдөгүлөр конокторду узатып бакчага чыгышты.
Баары бири-бири менен коштошкондон кийин
Жасминалар үйүнө кетишти.



Инв. №
Ала-Букинск
ИНВ. №

Айдай кайтып бөлмөсүнө киргенде бөлмөнү аябай чачкандарын байкады. Апасы бөлмөгө кирип:



-Айдай, бөлмөң абдан чачылыптыр кызым. Жыйнап коюп анан уктагын макулбу, - деп чыгып кетти.

Айдай бир-эки оюнчукту ордуна койгон соң:



**«Бирок булардын баарын мен чачкан жокмун да... эмне үчүн өзүм жалгыз жыйнашым керек?»** деп ойлоду.



Айдай дароо апасына барып:

– Апаке, бөлмөмдү жыйнашып коёсузбу? – деп сураңды.

– Көрүп жатасың садагам, мен өзүмө түшкөн ишти кылып жатам. Бөлмөң сенин жоопкерчилигиңде, сен жыйнашың керек, – деди апасы.



Айдай чыдай алган жок:

**- Апаке, бирок мен бөлмөнү өзүм жалгыз чачкан жокмун да!**...- деди.

– Билем, садагам. Ар бир оюндун аягында оюнчуктарды Жасмина менен бирге жыйнап койсоңор болмок. Ошондо бөлмөң мынчалык чачылмак эмес, сен да өзүң жалгыз жыйнамак эмессиң, - деди апасы.




Айдай апасы туура айтып жатканын билди. Бирок аябай чарчап, дароо жатып уктагысы келип жатты.

**«Балким мага Алтай жардам берээр»** деп ойлоп, Алтайдын бөлмөсүнө барды. Алтай эчак таттуу уйкуга кирген эле.

Айдай бөлмөсүнө келип бирде жердеги оюнчуктарды, бирде төшөгүн карап турса, төшөгү ага:

**- Кел мага, кел... Сени жууркаңга оропп, таттуу уйкуга алып барам,**

– деп жаткансыды.

Айдай чыдай албай, оюнчуктарын эртең менен жыйнамак болуп, төшөгүнө жатып, дароо уйкуга кирди.



Айдай таттуу уйкуда жатканда бир маалда кокусунан бутуна бир нерсе тийгенин сезип ойгонуп кетти да, ыргып турду. «Мыймый болсо керек...» деп ойлоду Айдай.

– Эй, Мыймый, төшөгүмдөн түш, – деди.

Бирок ал нерсе кыймылдап да койгон жок. Айдай акырын бутун сунса «ЧЫЙыык» деген үн чыкты.



Айдай: « **Кызык, бул үн эмненин үнү?... Апамдарга айтышым керек!**» деп ойлоп төшөгүнөн ыргып турду.

Ошол замат бөлмөдө «**Тарс!**» деген дагы бир үн чыкты.





Айдай абдан коркуп, дароо бөлмөсүнөн чуркап чыкты. Бул жолу «пыт- пыт...» деген үн угулду! Кудай жалгап келген тоту кушу эле.



Айдай бир аз демин басып:

**– Ухх! Сен келдиңби, Кушум? Кызыктай үндөрдү уктум. Жүрү, апама айталычы,** – деп, ата-энесинин бөлмөсүн тыкылдатты.

Апасы эшикти ачаар менен Айдай:

**– Апаке! Төшөгүмдө кызыктай үн чыгарган бир нерсе жатат. Карап көрүңүзчү, коркуп жатам,** – деди.

Атасы дагы ойгонуп, баары Айдайдын бөлмөсүнө барышты.



Атасы жарыкты жандырып, жуурканды ачса, төшөктүн ичинен Айдайдын оюнчук аюусу чыкты. Анын курсагын басканда «Чыйыык» деп үн чыгарып жатты.

– Үн чыгарып жаткан оюнчугуң экен, Айдай, – деди атасы. Айдай уялып:

– **Неме... Мен бирөө бар го деп ойлодум эле...** – деди.



Ошол замат Айдай жерде жаткан куурчакты көрдү.

– Ай иий! Куурчагымдын колу чыгып кетиптир. Ал менин эң жакшы көргөн оюнчугум эле, – деп, абдан капаланды.




Атасы куурчакты алып:

– **Кана берчи кызым, балким мен оңдой алаармын,** – деди.


Айдай оюнчуктарын жыйнабагандыгы үчүн абдан өкүндү. Өзү коркуп, анысы аз келгенсип оюнчугу да сынып калган эле.

– Апаке, мен бөлмөмдү жыйнайын, – деп, оюнчуктарын өз ордуна коё баштады.



Тоту кушу дагы ага жардам берди. Айдай оюнчуктарынын баарын чогулттту.

Бир аз убакыттан кийин атасы келди. Атасы куурчактын колун тагып койгон эле. Сынык экени деле эч билинбей калыптыр. Айдай кубанып куурчагын кучактады.



– Атаке, рахмат сизге! Мындан ары эч качан буюмдарымды чачылуу бойдон таштабайм, – деп, куурчагын ордуна койгон соң төшөгүнө жатты.





Силер оюнчук короз жасап көрдүңөр беле?...

Келгиле анда эс алуу менен бирге мына ушул оюнчукту жасайлы.

Керектелүүчү каражаттар:

- Медициналык колкап,
- түстүү кагаздар,
- клей,
- фломастер



1. Колкапты үйлөп, билегин жип менен байлап алабыз.



2. Андан соң баш бармактын учуна фломастер менен көз жана тумшук тартабыз.



4. Түстүү кагаздарды аккордеон түрүндө бүктөйбүз.



5. Кагаздан жасалган канаттарды колкаптын оң жана сол жагына жабыштырабыз.

6. Мына, корозубуз даяр болду! «Ку-ка-ре-ку-у-у-у!..»



# АЙДАЙ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨСҮ




Колуңуздагы жыйнактарда кичинекей бөбөктөрүбүз күнүмдүк жашоосунда кездеше турган кыйынчылыктардан туура жол таап чыгып кетишине үлгү болорлук көптөгөн окуялар айтылат.


Айрыкча, китептердеги сүрөттөр кичинекей балдарды да өзүнө тартуусу менен бирге, жазуулардын аз жана кооз болушу алардын кызыгуусун ого бетер арттырат деп ишенебиз.


Ал эми Айдайдын элестүү чагылдырылган окуялары биздин мектеп жашына чейинки бөбөктөрүбүздүн сезимтал, таза жана бир нерсени тез кабыл алган жан дүйнөсүнөн жай таап, жүрүм-турумунун жакшы болушуна аз да болсо өз салымын кошот деген тилектебиз.


Колуңуздардагы жыйнакты балдардын жаркын келечеги үчүн жан үрөп эмгек кылган ата-энелерге жана окутуучу-тарбиячыларга сунуштайбыз.

**«Avrasya Press» сунуштайт**

5 жаштан өйдө




avrasya Press







ISBN 978 9967453814

9789967453814- 1

www.avrasyapress.com